«КАБЫЛ АЛЫНДЫ»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун Окумуштуулар
кеңешинин отурумунда
Протокол №12
26 август 2025-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун ректору
проф. Д.Т.Чонтоев
_______________
_______________2025-ж.

**«Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл»**
**юбилейлик медаль жөнүндө ЖОБО**

**Бишкек-2025**

1. **«Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл»** юбилейлик медалы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүлүшүнүн 100 жылдыгына карата уюштурулган сыйлыгы болуп саналат
2. **«Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл»** (мындан ары – юбилейлик медаль) юбилейлик медалы менен төмөндөгүлөр сыйланат:
   - Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кызматкерлери жана мурда иштеп кеткен кызматкерлери, анын ичинде КУУда 15 жылдан кем эмес убакыт кынтыксыз иштеп, туруктуу иштөөсүнө, коомдук жана кесиптик кошумча милдеттерди кынтыксыз аткаруу аркылуу өзгөчө салым кошкон түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана профсоюздук уюмдардын кызматкерлери;
   - Илимий-изилдөө иштеринде жигердүүлүк көрсөтүп, илимий макалалар, окуу китептери жана усулдук колдонмолорду жарыялаган окутуучуларга;
   - Кесиптештеринин жана студенттеринин арасында жогорку кадыр-баркка ээ болуп, педагогикалык ишинде инновацияларды ийгиликтүү колдонуп келген, ошондой эле анын жетекчилиги астында студенттери эл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий, чыгармачылык жана предметтик олимпиадаларда байгелүү орундарга жетишкен окутуучуларга;
   - КУУнун өнүгүүсүнө жана өркүндөөсүнө зор салым кошкон мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын кызматкерлери жана башка адамдар;
3. Юбилейлик медаль менен сыйлоо Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.
   - "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл" юбилейлик медалына кызматкерлерди көрсөтүү ушул Жобонун тиркемесине ылайык таризделет.

Юбилейлик медаль менен сыйлоого көрсөтүлгөн кызматкерлердин тизмеси каралып жана бекитилгенден кийин КУУнун сыйлыктары боюнча комиссия жолдомо берген уюмдун өкүлдөрүнө ишеним кат боюнча юбилейлик медалдарды жана аларга күбөлүктөрдү сыйлангандарга тапшыруу үчүн берет.

4. Юбилейлик медалдарды тапшыруу салтанаттуу жагдайда жүргүзүлөт. сыйлангандарга юбилейлик медаль менен бирге юбилейлик медалдын номуру бар күбөлүгүң тапшырылат.
5. Юбилейлик медалдарды тапшыруу аяктагандан кийин сыйлангандардын тизмеси Жусуп Баласагын атындагы КУУнун архивине сактоо үчүн тапшырылууга тийиш.
6. Юбилейлик медаль көкүрөктүн сол тарабына тагылат.
7. Юбилейлик медал менен кайталап сыйлоо жүргүзүлбөйт.

**Тиркеме № 1 "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл"** юбилейлик медалын тапшыруу үчүн кызматкерлерге жана башка адамдарга сунуштама.

**"Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл" юбилейлик медалын тапшыруу үчүн кызматкерлерге**

## СУНУШТАМА

___________________________________________________________

(уюмдун, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органынын аталышы)

| **к/с** | Фамилиясы, аты, атасынын аты (алфавит боюнча) | Туулган жылы, айы, күнү | Иштеген жеринин, кызматынын аталышы, КУУнун өнүгүүсүнө кошкон салымынын кыскача мүнөздөмөсү | Юбилейлик медалдын күбөлүгүнүн номуру жана тапшырылган датасы |
|---|---|---|---|---|

_____________________________________________
(жетекчинин кызматынын аталышы)

“___” ____________ 20___-ж. ___________________________________
(кол тамгасы, аты-жөнү)

М.О.

**Тиркеме №2**

"Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл" юбилейлик медалынын сыпаталышы

**"Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл" юбилейлик медалынын сыпаталышы**

1. **Медалдын жалпы мүнөздөмөсү:**

   “Кыргыз улуттук университетине 100 жыл 1925 – 2025” эстелик медалы (мындан ары - медаль) латундан куюлган диаметри 29 мм болгон тегерек пластинадан турат.

2. **Медалдын алдыңкы бети**

Медалдын алдыңкы бетине эки тегерек сызык түшүрүлгөн.

Четки жана ички тегерек сызыктардын ортосунда көк фондо үстүнкү сызыкты бойлой “Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети” жазуусу түшүрүлгөн, ал эми алдыңкы сызыкты бойлой – “1925 – 2025” жазуу түшүрүлгөн, бул университеттин 100 жыл бою иштегендигин билдирип турат.

Медалдын бетиндеги ички тегерек сызыктын ортосунда Жусуп Баласагындын элесин камтыган, окуу жайдын негизделген жылы көрсөтүлгөн башкы окуу имараттын рельефтик сүрөтү жана алтын түстөгү стилдештирилген “КУУ” жазуусу чегерилген композиция жайгашкан. Билим менен окууну симолдоштуруп турган ачылган китеп композициянын негизи катарында кызмат аткарат.

3. **Медалдын арткы бети**

Медалдын арткы бети алтын түстүү, жазуусу жок. Медаль көзөнөк жана сүйрү звенонун жардамы менен капталдарында оюгу бар тик бурчтуу колодкага бириктирилет. Колодканын туурасы – 29 мм, бийиктиги-25 мм (анын ичинде төмөнкү чыкма). Колодканын түбүн бойлото көзөнөктөр бар, анын ички бөлүгү кеңдиги 24 мм болгон кочкул көк түстөгү жибек муар лента менен капталган. Колодканын арткы бетинде медалды кийимге бекитүү үчүн төөнөгүч бар.

**"Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 100 жыл" юбилейлик медалынын сүрөтү**



*Жооптуу:*

Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиев

*Авторлош:* Ректораттын аппарат жетекчиси - координатор Кубатбек уулу Доорон